УДК 94(575.2) (04)

***Жээнбеков Ж.,***
*аспирант*

***Жээнбеков Ж.,***
*аспирант*
***Zheenbekov Zh.,***
*graduate student*

*КР УИАнын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту*

*Институт Истории, археологии и этнологии имени Б. Джамгерчинова*
*Institute of History, Archeology and Ethnology named after B. Dzhamgerchinov*

# ЭЛТОЙДУ – АЛЫМБЕК ДАТКАНЫН БАШКЫ КЕҢЕШЧИСИ

# ЭЛТОЙДУ – ГЛАВНЫЙ СОВЕТНИК АЛЫМБЕК ДАТКА

# ELTOIDU - CHIEF ADVISOR ALYMBEK DATKA

**Аннотация.** Макалада бул мезгилге чейинки илимий басылмаларда белгисиз болуп келген өз доорунун көрүнүктүү коомдук-саясий ишмерлеринен болгон Айдарбек уулу Элтойду тууралу маалыматтар сунуш этилет. Кокон ханынын сарайында жана саясий турмушунда таасирлүү орун ээлеген, кийинчерээк мамлекеттик-саясий ишмер Асан уулу Алимбек-датканын инсан жана саясатчы катары калыптануусуна негизги роль ойногон Элтойду Айдарбек уулу маалыматтар эл оозунда, айрым санжыраларда сакталып келет. Тилекке каршы, бул инсан тууралу маалыматтар орус тилдүү булактарда кездешпейт. Алай ж.б. аймактардан жыйналган эл оозундагы маалыматтардын негизинде Элтойду Айдарбек уулунун өмүрү, ишмердүүлүгү Алымбек-датканын инсан, мамлекеттик-саясий ишмер катары калыптануусуна тийгизген таасири тууралу сөз болот.

**Аннотация.** В статье представлены сведения об одном из известных общественно-политических деятелей своего времени Айдарбек уулу Элтойду, который до этого времени был неизвестен в научных изданиях. В устах народа сохранились сведения об Элтойду Айдарбек уулу, занимавшего влиятельное место во дворцовой и политической жизни Кокандского ханства, а впоследствии сыгравшем ключевую роль в становлении Асан уулу Алимбек-датки как личности и государственного политика. К сожалению, сведений об этой известной личности в русскоязычных источниках не встречается. На основе устной информации, собранной в районах Алайского района, будут обсуждаться жизнь и деятельность Элтоиду Айдарбек уулу и влияние на формирование Алымбек-датки как личности, государственного и политического деятеля.

**Abstract.** The article presents information about one of the famous public and political figures of his time, Aidarbek uulu Eltoidu, who until that time was unknown in scientific publications. Information about Eltoidu Aidarbek uulu, who occupied an influential place in the palace and

political life of the Kokond Khanate, and subsequently played a key role in the development of Asan uulu Alimbek-datka as a person and a state politician, has been preserved in the mouths of the people. Unfortunately, there is no information about this famous person in Russian-language sources. The reason is that in 1872, before the conquest of the Russians, Eltoidu died. On the basis of oral information collected in the Alay region, in Kokand we will tell about the life and work of Eltoidu Aidarbek uulu, who influenced the development of Alymbek-datka as a personality, statesman and political figure.

***Негизги сөздөр:*** *Элтойду, Алымбек датка, Курманжан-датка, Кокон, адыгине, баргы, Алай, сабай.*

***Ключевые слова:*** *Элтойду, Алымбек датка, Курманжан-датка, Кокон, адыгыне, баргы, алай, сабай.*

***Keywords:*** *Eltoidu, Alymbek Datka, Kurmanzhan-Datka, Cocoon, Adygyne, Bargy, Alai, Sabai.*

Айдарбек уулу Элтойду 1790-ж. Алайдын азыркы Будалык айыл аймагына караштуу Жалпак-Сары деген жеринде ооккаттуу адамдын үй бүлөсүндө туулгандыгы айтылат.1872-ж. ошол эле жерде өлгөн. Элтойду Айдарбек уулу Адигиненин Сабай уруусунун Атабак тобунун Кожош уругунан чыккан тарыхый инсан. Кокон хандыгынын Алай өрөөнү[1] жана Кашкар аймагы (Кызыл-Суу, Улуу-Чат, Ак-Тоо) боюнча ишенимдүү өкүлү болгондугу белгилүү. Өз учурунда Алымбек жана Курманжан даткалардын иш уюштуруучусу, хандыктын жарлыктарын элге жеткирген ишенимдүү кеңешчиси да болгондугу эл оозунда айтылып келет. Кытай тараптан Алай жолу *(азыркы Эргеш-Там жана Кара-Бел ашууларынан)* аркылуу өтүүчү кербен жолдорун көзөмөлдөгөн. Соода иштерин да мыкты өздөштүргөндүгү жана уюштургандыгы баяндалат. Элтойду өз доорунда Хива, Бухара, Кокон, Анжиян, Өзгөн, Ош, Яркенд жана Кашкарлык ири соодагерлер менен жакшы ымалада болуп, соода алакасын мыкты жүргүзгөндүктөн, өз учурунда Алай аймагындагы ири байлардын алдыңкы сап башында турган экен. Элтойдунун атасы Айдарбек да соода иштери менен алектенип, Кашкар менен Яркендден, Ош, Өзгөн, Анжиян, кокондук ири соодагерлер менен тыгыз мамиледе болгон. Элтойдунун ата-теги, санжырасы боюнча бир аз маалымат берип кетели. Айдарбектен Эрали жана Элтойду аттуу эки уул болгон. Кожош Элтойдунун чоң атасы, Кожош өз заманында тил билги, иш билги, капилеттен сөз тапкан, караңгыда жол тапкан, ак менен караны таамай ажыраткан, кадырлуу, парасаттуу жана даанышман киши болгондугу эл оозунда илгертеден айтылып келет. Ошондуктан, сабай-атабактар Кожошту өздөрүнө бий кылып шайлап алышкан экен. Кожоштон таркаган урпактары өздөрүн “Кожоштун тукумдарыбыз” дешип сыймыктануу менен айтып келишет.

Элтойду бабабыз тууралуу эл арасындагы аңыз кептерди, ага байланыштуу кызыктуу бай маалыматтарды негизинен Алайдын Будалыгынан жер которуп көчүп келишкен Гүлчө, Жаңы-Сабай айылдарында жашап калышкан *(атабак, меңдикул, мурат уулу, жээнбай уулу топторунун)* аксакалдары жана Согондулук *(калча, маркаш тобунда-*

*[1]Алай өрөөнү жеке эле географиялык түшүнүк эмес, ал эң алды менен азыркы учурдагы Жерге-Тал районунун, Чоң-Алай, Кара-Кулжа, Өзгөн, Ноокат, Кара-Суу райондорунун кеңири аймагын камтыган тарыхый чөлкөм. Т.Өмүрзакова. “Курманжан датка” Бишкек. “Кыргызстан” 2002. - 90 б.*

*гы)* сабайлардын көптү билген куйма кулак карыяларынан угууга болот.

Элтойду тууралуу тарыхый бай маалыматтарды билишкен алайлык карыялар *(Курманбаев Асан, Абакиров Төрө, Мусаев Ороз)* жана анын азыркы учурдагы чеберелери *(Сөлпүев Базарбай, Маматов Сулайман, Матаев Абдыкадыр)* анын жашаган доору, инсандык сапаты, эл үчүн жасаган улуу иштери жана анын армандуу өлүмү тууралуу бир топ ишенимдүү так маалыматтарды айтышат.

Информатор Мусаев Ороздун[2] айтуусунда: «Элтойду бай Асан уулу Алымбек «датка»[3] наамын алгандан (1830-1862 жж.) өлгөнгө чейин жана Бухаранын эмири Музаффар тарабынан (1862-ж.) Курманжанга эл башкаруу укугу - «датка» наамы ыйгарылган мезгилден өзү өлгөнгө (1872-ж.) чейин даткалардын эң ишенимдүү, кадырлуу, тажрыйбалуу адамы катары маанилүү маселелерди чечүүдө жана уюштуруу иштеринде башкы кеңешчилик жооптуу кызматтарды аркалаган» - деп баяндайт.

Башка информатор Маматов Сулаймандын[4] айтуусунда: «Элтойду Алымбек даткадан он жаштай улуу болгондугу, Алымбектин Кокон хандыгынан «датка» наамын алып, Алайда өз бийлигин жүргүзгөн учурдан баштап, датка дүйнөдөн өткөнгө (1862-ж.) чейин үзөңгүлөш болуп бирге жүргөндүгүн, Алымбек даткадан он жылдан кийин көз жумгандыгы тууралуу маалыматтарды бала чагында атасы Маматтан (ага чоң атасы Матай айткандыгын) жана жергиликтүү куйма кулак карыялардан да көп ирет уккандыгын билдирет.

Алайлык карыялардын жана кээ бир тарыхый көркөм чыгармаларда баяндалган маалыматтарга караганда Элтойду менен Алымбек датка бир мезгилде жашашкандыгы чындык.

Алардын ортосунда жаш айырмачылыгы болуп, Элтойду Алымбек даткадан 9-10 жашка улуу болгондугун белгилешет.

Экөө сый дасторкондо чогуу отуруп калышканда, Алымбек Элтойдуну ар дайым төргө олтургузуп, устукан тарканда ага сыйлуу бөлүгүн таркандыгы да эки инсандын өз ара алакаларын чагылдырган. Булардын ортосундагы жаш айрмаларын тактоо максатында кыргыз окумуштууларынын илимий эмгектеринде жазылган фактыларды эске алсак, Асан уулу Алымбек датканын Кокон хандыгындагы ордун, мамлекеттик ишмердүүлүгүн чагылдырган илимий эмгектеринде жана кыргыздар боюнча жазылган башка тарыхый материалдардын жыйнактарында[5] анын жашаган доору тууралуу *(архивдик тарыхый жазма документтерде 1799-1862-ж.ж. так көрсөтүлгөн)* анык фактылар кездешет.

1862-жылы Кокондук бийлик кутумчуларынын атайын буйругу менен Чотон маңка Алымбек датканы өлтүргөндө, датканын сөөгүн Алайга алып барып акыретке узатуу зыйнатында жана кийинки жылы анын жылдыгына алыс-жакындан келишкен *(аркалык, Анжияндан, Кокон, Кызыл-Суу, Кашкар, Каратегин, Жерге-Тал, Мургаб, Алай аймагынан ж.б.)* ондогон уруулардын өкүлдөрү болгон, миңдеген конокторду тосуп-узатууда Элтойду эл бийлеп, башкаргандыгы белгилүү.

Сабай уругунун кадырлуу карыясы Абакиров Төрө[6] аксакалдын айтуусунда, Элтойдунун балалык чагы Алайдын сабайлар жашаган Будалык, Эсет, Жан-Шоро

---

*[2]Мусаев О. Тарыхчы. Эмгек ардагери. 1930-ж.т. Алай району. Будалык айылы. Сабайдын Атабак уругунун Кешикчи тобунан. Автордун өздүк архивинен.*

*[3]Датка - Кокон жана Бухара хандыгында полковниктик чиндеги (кээде генерал) жогорку даражалардын бири. Датканын милдети озүнө караштуу аймактагы элдин арыз-мунун канга жеткирүү болгон. Кээде аймактык айрым маселелерге карата өзүнүн тешелүү чечимин кабыл алуу укугуна ээ болгон.*

*[4]Маматов Сулайман Элтойдунун чебереси. Алай районунун Гүлчө айылында жашайт. 70 жашта*

*[5]Кыргыздар. Бийиктик. Бишкек, 2011., т.VII. 413-б.*

*[6]Абакиров Төрө. Сабай уруусунун Атабак тобунун Жумаке уругунан. 1927-ж. туулган, Гүлчө айылы.*

(азыркы Согонду айылы) кыштоолорунда өткөндүгүн айтат. Элтойду жаштайынан Будалыктын Күнгөйүндө эки өгүзгө кош байлап, күздүк эгин айдап, дыйканчылык менен алектенип, ар жылы мол *(арпа, буудай)* түшүм алган, жай саратанында эгин жыйнап, кызыл-кырман кылган учурдагы түшүмүнөн жардыларга үшүр берип, жер жайнаган төрт түлүк малынан зекет чыгарып, ар дайым карапайым калкка кол сунган кайрымдуу киши болгон экен.

Элтойду жаштайынан атасы Айдарбек менен биргеликте кербен коштоп Кашкар, Турпанга чейин барып, 15-16 жашынан тартып соода иштерине эрте аралашкан экен.

Ал эр жетип, соода иштеринин аркасында азыркы Кытайдын Кызы-Суу, Улуу-Чат, Кашкар, Ак-Тоо, Кара-Тегин, Жерге-Тал, Мургаб, Ош, Өзгөн, Анжиян, Маргалаң, Кокон, Ташкент, Ходжент сыяктуу ири шаарлардан жоро-жолдош күтүп, ондогон жогорку даражалуу инсандар менен соода-сатык иштерин жүргүзүүдө, мамлекеттик маанидеги иштерди аткарууда белгилүү ролду ойногонду тууралуу маалыматтар эл оозунда азыр да көп айтылып келет.

Элтойду соода иштеринде эле эмес, күнүмдүк турмушта да карапайым калкка жасаган адал иши, акыйкат сөзү менен ошол кездеги кытай, уйгур, кашкарлык, тажик, сарт, өзбек соодагерлеринин зор ишенимине ээ болгон экен.

Ошондуктан, Алай жергесинен өтүүчү Улуу Жибек соода жолунун нугундагы Кашкар-Алай жолунун азыркы Эргеш-Там менен Кара-Бел ашууларынан өтүүчү кооптуу кербен жолун такай көзөмөлдөө вазийпасы[7] Кокон ордосу тарабынан тапшырылган.

Илгертеден Бээжинден (Пекин) Алай аймагы аркылуу жол жүрүп Ошко, Өзгөнгө, Анжиянга, Коконго, Ташкент, Самарканд, Бухара, Хорезм жана андан ары карай баруучу жүздөгөн соода кербендерин жергиликтүү кыргыздар тынымсыз карактап, ар кыл элдин өкүлдөрүнөн болгон кербенчилердин ырааттуу бара жаткан жолун үзгүлтүккө учуратып, ири чыгымдарга кириптер кылышканы белгилүү.

Кербендер өтүүчү аска-зоолордун кысык жерлеринде атайын буктурма жасашкан Адыгиненин Сабай уруусунан чыккан жергиликтүү чакан каракчылардын тобу кербенчи соодагерлерге күтүүсүз жана байма-бай кол салышып, алардын жибек кездемелерин, баалуу асем-зер (алтын, күмүш) буюмдарын зордоп тартып алып турушкан.

Каракчылык менен алектенген жергиликтүү чакан топ кошуна жашаган урууларды да түрдүү ыкмалар менен талап-тоношкондуктан бул аймакта эркин жүрүүгө бир топ кооптуу кырдаал жаралган.

Жол каракчылары бир эле соода кербендерди талап-тонобостон, тууганчылыгы бар топторду коркутуп, мал-мүлктөрүн тартып алышкан учурлары да көп болгон. Мындай өзгөчө кооптуу жерлер болуп сабайлар жашаган аймактар айтылган.

Бул тууралу тарыхчы Т.Өмүрзакова мындай деп жазат. “Будалыктагы Тамга-Терек деген жерде сабай уруусунан каракчы чыккан.

Ал Ошту көздөй мал айдаган тоокелердин малын, кайра кайтса базар-учарлыгын тоноп, тартып алып турган. Өзүнүн жасаган ишин эрдик эсептеп, “тоодой тоокени жеңдей сабай жеңиптир”, мен жалгыз болсом да канчалаган тоокелер менден коркот деп мактанчу экен”[8].

Соодагерлер үчүн жылдын кайсы мезгили болбосун Алай аймагынан, айрыкча сабайлар жашаган Эсет, Жан-Шоро, Согонду (мурдагы Кызыл-Коргон), Тамга-Терек, Боз-Караган, Сары-Талаа жана Капчыгай жерлери аркылуу кербен жүктөрү менен өтүү ар дайым кооптуу болгон.

---

[7]*Вазийпа (ар. Вазиийфа). Милдет, ыйык милдет.*

[8]*Т.Өмүрзакова “Курманжан датка”. Бишкек “Кыргызстан” 2002. 94-б.*

Жергиликтүү сабайлар тарабынан ушундай карактоолор күч алган жоокерчилик заманда бей күнө таланып-тонолгон уйгур, тажик, өзбек жана сарттардын соодагерлери [9] каракчыларга алдырган мал-мүлктөрүнүн кандайдыр бир бөлүктөрүн кайтарып алуу үчүн Элтойду байга жардам сурашып кайрылышкан. Анткени, кербендерди карактагандар анын туугандары сабайлар болушкан. Элтойду соодагерлердин айткан арыз-муңдарын угуп, каракталган буюмдарын кайра кайтарып берүү үчүн Гүлчөнүн чыгыш жана батыш тарабында жашаган Адыгиненин аз сандагы сабайлардан куралган чакан каракчы топторуна көп жолу арачы болгон. Элтойду чыгыш менен батышты байланыштырган Улуу Жибек жолундагы соодагерлер менен бирге соода иштерине аралышып, ири өлчөмдөгү кирешелерин тапкан. Элтойду тууралу көп маалыматтарды билген Б. Сөлпүевдин айтуусунда; Элтойду таза мээнет менен тапкан байлыгынын эсебинен кырктын кырына келгенинде, Алай аймагынын эң бай адамдарынын бирине айланган (информатор: Сөлпүев Базарбай - 1926-ж.туулган. Элтойдунун чеберелеринин бири. Ош шаарында жашайт).

Элтойдунун байлыгы, жоомарттыгы жана акылдуулугу тууралу кабар Кокон ордосуна чейин жетип, ордо аны менен жакындан кызматташууга кызыкчылыгы туулат. Ошондуктан, Кокондун ошол учурдагы башкаруучусу Омор-хан 1818-1819-жылдары Элтойдуну хан ордого чакырат. Мына ошондон тартып, Кокон бийлиги менен Элтойдунун ортосундагы эки тараптуу дипломатиялык алгачкы байланыштар башталган. Омор хан тактан кеткенден кийин ордодогу бийликке 1822-ж. Мадали хан келет. Демек, Элтойдунун Кокон хандыгын башкарган Омор хан, Мадали хан сыяктуу бийлик төбөлдөрү менен байланышынын түзүлүшү анын келечектеги өзүнүн мансап даражасынын өсүшүнө чоң бурулуш учур болгон. Элтойдунун Алай аймагында болушу жана анын калк арасындагы чоң кадыр-баркы Кокон хандыгы үчүн ошол аймактагы саясий-экономикалык, социалдык маанилүү маселелерди ыкчам жана оңой чечүүгө тарыхый жактан жакшы өбөлгө түзгөн. Биринчиден; XIX кылымда Алайдын азыркы географиялык аймагында негизинен Адигинеден таркаган *(жору, бөрү, баргы, карабагыш, сарттар жана алардын насилинен чыккан сабай, тооке, бакал, көкчө, олжоке,*

---

*[9]Сарт – Орто Азия чөлкөмүндө, анын ичинде Фергана өрөөнүндө, Токмокто, Пишпекте жашаган, тилдери түрктөшкөн, теги согду-ирандардан (перстер) болушкан, отурукташкан, дыйканчылык, соодагерчилик менен күн көргөн этнос. Учурда сарттардын басымдуу бөлүгү өздөрүн "өзбекбиз" деп атап калышкан. Сарттардын курамына XVII-XX кк. ичинде башка этностор да сиңген. Оболку "Sart-ga" термини санскрит (байыркы жана учурдагы индиялыктардын бир бөлүгүнүн диний ритуалдык ж.б. тили) термини "соодагер" дегенди аныктаган. Этносоциалдык термин жашоо образына, кесипке карата калыптанган. Бул термин бир улутту же элди эмес, жалпысынан отурукташкан иран тилдүү, кийинчерээк түрктөшкөн перстерди, отурукташууга өткөн түрк тилдүү урууларды да аныктап калган. XX к. биринчи чейрегине чейинки орус расмий булактарында, мамлекеттик иш-кагаздарында бул этносоциалдык топтордун баары тең "сарттар" деп аталышканы белгилүү. Императордук Орус армиясынын офицери Н.Ф.Ситняковский Фергана өрөөнүндөгү жана ага ыктай жашаган кыргыздар тууралу жазып жатып, ушул эле өрөөндө жашаган, так айтканда отурукташкан сарттар, тажиктер, өзбектер, кашкарлыктар, каракалпактар тууралу эскерип кеткен. Фергана өрөөнүнүн отурукташкан калкы өздөрүн "тажик сарты", "өзбек сарты" деп аташарын жазган. Алардын саны кыргыздарга салыштырмалуу алда канча аз болгондугун эскерип, кагаз бетине түшүргөн (Ситняковский, 1900: 55-110). СССРде улуттук чек аралар аныкталып республикалар түзүлгөндө (1924-1926/29 жж.) "сарт" деп аталган этносоциалдык топтордун аты өзгөртүлүп, баарына тең жасалма "өзбек" аты таңууланган эле. XX к. биринчи чейрегине карата Орто Азияда (Фергана өрөөнү ж.б.) иран тектүү сарттардын (түрк тектүүсү да болгон) жалпы саны 2 миллиондон ашкан. Ошондуктан, өзбек жана көчмөн өзбектер менен сарттарды чаташтырбоо зарыл. Мисалы, Чыгыш Түркстандын (Кытай) кыргыздары, казактары уйгурларды азыр да "сарттар" деп аташары белгилүү. Демек, иран-согду тектүү, кийинчерээк түрктөшкөн, бирок, иран маданиятын сактап келе жаткан этносоциалдык топторду учурда да "сарт" деп аташары маалым. Адигине уруулук тобунун курамына кирген "Сарттар" уруусунун энчилүү атынын этимологиясы енисей кыргыздарынын тилинде "кулалы", "карчыга", "шумкар" же бүркүттүн (кара куш) бир породасын (тукуму) аталышын туюнтат (Каратаев, 2021: 53).*

*мөнөк, атамерек сыяктуу)* уруулар мекендешсе, азыркы КЭРдин Кызыл-Суу, Улуу-Чат, Кашкар, Ак-Тоо аймактарын, Мургаб, Жерге-Тал, Чоң-Алай жерлеринде дээрлик ичкилик урууларынын *(найман, кыпчак, тейит сыяктуу)* ири тайпалык өкүлдөрү жашагандыгы белгилүү. Падышалык Орусия Кокон хандыгын талкалап жок кылганга чейин (1876-ж.), аталган аймактарда жашаган калктан белгиленген салыктын түрлөрүн ордо казынасына жыйноодо Элтойду негизги ишенимдүү өкүл болгон. Экинчиден, Алай аймагы аркылуу өткөн соода жолунун жалпы коопсуздугун кароодо да Элтойдуга чоң милдеттер жүктөлгөн. Улуу Жибек Жолу өткөн аймакта жашаган калк арасында Элтойдунун зор кадыр-баркы жана өз салмагы болгон.

Үчүнчүдөн; Алай аймагынан салык катары жыл сайын ордого берилүүчү жалпы салыктарды өз убагында төлөөдө анын жеке өзүнө (менчигине) таандык, сансыз төрт түлүктөн турган жетиштүү кору болгон. Ошондуктан, ошончо байлыктын ээси катары Элтойду бай аталып, аны тааныгандар берешен адам катары билишкен. Элтойду бай өзүнүн маңдай тери менен тапкан мал-мүлктөрүн калктын көйгөйлүү маселелерин чечүүгө багыттап, дың жерге арык казып суу чыгарууга, бак тигүүгө, жайлоо-кыштоого жүрүүчү тоо бооруна жол салууга, максатуу сартагандыгын айтышат. К.Мамытбаев[10] жана А.М.Матаевдин[11] информаторлордун маалыматтарына караганда, Элтойду бай өз учурунда Кокондун ханы Кудаярдан белекке алган жерине суу чыгаруу максатында, Жаңы-Арыктын сайынан баштап, *(Кара-Суу районунун азыркы Сабай айылы аркылуу)* Өзбекстандагы Коргон-Төбө[12] кыштоосуна чейинки узак аралыкка баруучу арыкты өзүнүн жеке каражатынын эсебинен адамдарга акысын төлөп, арык каздырып, биринчи суу чыгарган экен.

Информаторлор Ж. Аринов[13], Б. Тобакалов[14], Ж. Исмаев[15], Ү. Шамшиев[16], Р. Чоморовдун[17], айтышкан маалыматтарына караганда Элтойду бай Будалыктын ичинде Өктөбүр айылындагы жалгыз арчадан баштап, төмөн карай сабайлар жашаган Тамга-Теректеги эски жайга чейин арык каздырып, суу чыгарган. Экинчиси, азыркы Согонду айылынан жогору өөрлөп барганда, Чоң-Четиндиден Тал-Мазар аркылуу Жалпак-Сарыга баруучу чоң суу арыгы чыгарылган. Бул арыкка согондулук баргылар менен баарындар каршы чыгышып, казыларга арызданышкандыгы айтылат. Себеби, эгерде бул арыктан суу өтсө, биздин мал-жанга суу жетишпей, жайытыбыз кургап кетет дешкен. Ошондо, Элтойду бай элдин кызыкчылыгын жогору коюп, казылып жаткан арыкты акырына чейин бүтүрбөй токтотууга көрсөтмө берип, иш бүтпөсө да, жалданган ишчилерге акысын толук төлөп берген экен. Ошол арыктын тоому бүгүнкү күнү да даана көрүнүп турат.

Элтойду бай Кокон хандыгы тарабынан алгач Алай жергесиндеги элден хандын казынасына салык жыйноочу даражалуу

---

*[10]Мамытбаев Козу 1929-ж.т. Сабай уруусунун Жээнбай тобунан. Колхоздоштуруу, совхоздоштуруу мезгилинде чарба жумуштарында иштеген. Автордун өздүк архивинен.*

*[11]Матаев Абдыкадыр Маматкадырович, 1958-ж. туулган, Элтойдунун чебереси. Сабай уруусунун атабак тобунун Кожош уругунан. Учурда Кара-Суу районунун Кызыл-Сарай айылында жашайт. Автордун өздүк архивинен.*

*[12]Өзбекстандагы Коргон-Төбө жери орто кылымдар мезгилинде (1924-ж.чейин Ж.Ж.) Адигине насилинен тарkаган (жору, бөрү, баргы, карабагыш, сарттар, сабай, тооке, бакал, баргы, мөнөк, көкчө ж.у.с.) ондогон уруулардын күздөө, кыштоосу болгон.*

*[13]Аринов Жума (1930-2020). Сабай уруусунун Жумаке тобунан. Кыркоол айылында жашаган.*

*[14]Тобаколов Базарбай. 1948-ж. Алай районунун Будалык айылында туулган. Будалык айылында жашайт.*

*[15]Исмаев Жолон. 1950-ж. Алай районунун Кызыл-Коргон (азыркы Согонду) айылында туулган. Бишкек шаарында жашайт.*

*[16]Шамшиев Үсөн 1951-ж. Алай районунун Күң-Элек айылында туулган. Көкчө уулу уруусунун Эшим тобунан. Алай районунун Күң-Элек айылында жашайт.*

*[17]Чоморов Рыспай 1954-ж. Алай районунун Кызыл-Коргон (азыркы Согонду) айылында туулган. Сабай уруусунун Калча тобунун Сагындык уругунан. Согонду айылында жашайт.*

кызматына дайындалган. Элтойду элден ордого салык жыйноодо, карапайым калктын жагдайына жараша адилеттүүлүк менен, ийкемдүү иш алып баргандыгы үчүн хан ордо тарабынан ага бара-бара чоң ишеним көрсөтүлө баштайт. Ошол мезгилден тартып Элтойду Кокон хандыгынын саясий турмушуна жигердүү аралашып, хандыктын Алай аймагындагы ишенимдүү жана атайын өкүлү катары кызматташкан. Кокон хандыгы Алай аймагында элдин биримдигин сактоого жана өзүнүн саясий таасирин бекемдөө маскатында жергиликтүү кыргыздардан ылайыктуу кишини тандоону Элтойдуга тапшырат. Элтойду мындай жоопкерчиликтүү ишке татыктуу адамды кароодо акыл калчап терең ойлонуп, кыргыздын байыртадан келе жаткан накыл сөзүнүн нугунан чыкпай, "аккан арыктан суу агат" деген аталардан калган нарктуу салтты улап, Адигиненин насили болгон ондогон уруулар ичинен баргылардан татыктуу деп, айтылуу Ажы бийдин урпагы, кыл мур тарткан Асан бий уулу Алымбекти тандап, аны Коконго алып барып, Мамадали хан менен тааныштырып, аны кызматка коюуга себепчи болуп, ага кепилдик бергендиги тууралу аңыз кептер алайлык аксакалдарда көп айтылат.

Алайлык карыя, информатор М.Мамбетовдун айтуусунда, "Элтойду бай Алымбекти Кокондогу хан ордого хан менен тааныштыруу үчүн алып барган кезде, Алымбек арыкчырай, жүзүнө эми кыл мур тарткан, көзүнөн оту жанган, жашы 26-27-жаштагы курч жигит болгон экен"[18] - дейт. Алымбектин 27 жаш курагында Коконго баргандыгы тууралуу пикирди тарыхчы Ө.Ж.Осмонов да далилдүү түрдө бышыктайт. Алымбек 27 жашынан тарта Мадали-ханга кызмат өтөй баштаган[19]. Демек, жогорудагы эки фактынын дал келүүсүн эске алсак, анда Элтойду бай, Асан бий уулу Алымбекти Кокондун ошол кездеги ханы Мадалиге 1826-жылы алып барып тааныштырган деп айтууга негиз бар.

Чындыгында эле, Алымбек Кокон хандыгына барган күндөн баштап, өмүрүнүн аягына чейин хан ордого ак кызмат өтөдү. Анын көптү билген көсөмдүгү жана башкалардан айырмаланган акыл көрөңгөсү хандыктын ички жана сырткы саясаттын жүргүзүүдө бир топ ийгиликтерге алып келгендиги маалым. Алымбек датка 30 жылдан ашуун мезгилде Кокон хандыгында кызмат кылууда ордонун ичиндеги таасирдүү саясий чоң фигурага айланган. Анын ордодогу таасири барган сайын күчтөнүп отуруп, жалпы хандыктын аймагындагы бийлик адамдарына эле эмес кыргыз, кыпчак, казах, өзбек, сарт, тажик, уйгур сыяктуу элдердин жөнөкөй букараларына чейин аты аттын кашкасындай белгилүү болгондугу тарыхта маалым. Алымбек датка кийинчерээк жалпы кыргыздардын көз карандысыз мамлекетин түзүүгө аракет жасап, түндүк кыргыздарынын эл башкарган Канай уулу Байтик, Осмон Тайлак уулу ж.б. төбөлдөрү менен ич ара сүйлөшүп, улуу максатты ишке ашыруу үчүн тынымсыз аракеттерди жасаган. Алымбектин мындай саясий ишмердүүлүгү Кокон хандыгынын саясый турмушуна чоң коркунуч жаратып, ордодогу хандын жакын адамдарына жакпай калат. Ошондуктан, аны кандайдыр себеп менен айыпка жыгып, ордодон жок кылуу үчүн жалган жалаа болсо да, өлүмгө өкүм чыгарып, жарлык жазып, Алымбектин тез арада көзүн тазалоо иштери ордодо өтө активдүү жүргүзүлөт. Натыйжада, кутумчулардын арам ойлору бачым ишке ашырылып, 1862-жылы Алымбек датка башы алынып өлтүрүлгөн. Андан соң, Алымбек датканын ишин улантуу вазийпасы жубайы айтылуу Маматбай кызы Курманжанга өтөт. Ушундай оор жоготуу болуп, кыргыз эли Алымбек даткадан айрылып, Кокон хандыгына Алайлык кыргыздардын наарызылыгы күчөп турган

---

*[18]Мамбетов Миңкиши – 1930-ж.т. песионер. Сабай уруусунун Атабак тобунун Кешикчи уругунан. Гүлчө айлынын тургуну. Автордун өздүк архивинен.*

*[19]Ө.Ж.Осмонов. Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) Бишкек. 2012. 285-б.*

учурда, датканын жесири Курманжандын акылына акыл кошуп, жанында мурдатан кеңешчи болгон Айдарбек уулу Элтойду тургандыгы тарыхый чындык. Алымбек датка Кокон хандыгында ак кызмат кылган (1826-1862-жж.) учурунда, дегеле мамлекеттик деңгээлдеги маанилүү маселелерди кароодо, датканын келечек иш пландары, “купуя сырлары” тууралу бир гана Элтойду билген дешет. Алымбек датка менен Элтойду ар дайым тыгыз байланышта болуп, кыргыз элинин жаркын келечеги, көз карандысыз кубатуу мамлекетти түзүү идеясынын айланасында алайлык, анжияндык жана аркалык кыргыздарынын ортосунда чон максат коюшуп, улуу идеяны ишке ашыруу үчүн узак жылдар бою тынымсыз иш алып барышкан. Алымбек датканын көзү өткөндөн кийин Элтойду Курманжан датканын эң ишенимдүү адамды катары өмүрүнүн аягына чейин анын кеңешчиси болуп кызмат өтөгөн. Элтойду Кокон хандыгын башкарган Омор хан (1810-1822), Мадали хан (1822-1842), Шерали хан (1942-1844), Малла хан (1858-1862), Султан Саид хан (1863-1865) жана үч ирет бийликке келген Кудаяр хандар (1845-1858, 1862-1863, 1865-1875)[20] менен туруктуу дипломатиялык позицияны карманып, Алай жергесинде жашаса да, кыргыз элинин келечеги үчүн жасалган бир топ тарыхый окуялардын чордонунда болуп, тарыхта өчпөс из калтырды.

Информаторлор С.Ташанов[21], О. Мусаев,[22] С. Маматовдордун[23] айткан маалыматтарына караганда “Кокон хандыгынын доорунда Алайда жашаган элдерден ордонун казынасына салык-алымдарды жыйноодо, кээ бир жылдары кар оор түшүп, жут болуп, мал кырылып, эл тамак-аштан кыйналган учурларда Элтойду бай жалпы Алай аймагында жашаган жору, бөрү, баргы, сарттар, сабай, тооке, бакал, мөнөк, көкчө, жоош, олжоке сыяктуу жана башка бир топ урууларга жардам берип, аларга түшкөн салык үлүштөрүн өзүнүн жеке мал-мүлкүнүн эсебинен натуралай түрдө төлөп, жакыр жашаган элди оор кыйынчылыктан далай жолу куткарган берешендиги тууралу айтылган маалыматтарды 1960-1970 жж. жашап өтүшкөн мурдагы эски карыялардан уккандыктарын айтышат. Ар дайым кыргыз уруулары ортолугундагы ынтымакты чыңдоого, кыргыздардын башын бириктирүүгө, бирдиктүү кыргыз мамлекетүүлүгүн куруу үчүн Алымбек датка менен бирдей аракеттерди жүргүзгөндүгү айтылат. Элтойду бай дин тутунган инсан болгон, көзү өткөнчө кудайга топук кылып беш убак намазын үзбөй окуган экен.

Эми Элтойдунун туулган жана анын жашап өткөн мезгили тууралу тарыхый тактоолорду талап кылган маанилүү учурларга токтололу. Информатор А.М. Матаевдин[24] пикирине караганда “Элтойду бабам киши колдуу болуп өлгөндө, анын эң кенже уулу менин чоң атам Матай үч жашта экен. Тактап айтканда, чоң атам Элтойду уулу Матай 1937-жылы күз айларында 65 жаш курагында Алайдын Будалык айылында каза болуп, сөөгү Оро-Башыга коюлуптур. Ошондо Матай чоң атам 1869-жылы туулган болот. Чоң атамдын качан туулгандыгы жана кайсыл жерде каза болгондугу тууралуу маалыматтардын бизге так жеткендигинин себеби, Матай каза болгон күнү анын тун кызы (т .а. Элтойду байдын небереси -Ж.Ж.) Мөлмөл көз жарып, уул төрөп, атасынын тажиясына баралбай калган экен. Төрөлгөн ымыркайга Куланкабыс деген сейрек кездешкен ат коюшуптур дейт. Демек, Элтойду байдын

---

*[20]М.Рахманкулов. Коконду башкарган хандар. (Таластан чыккан даткалар) Бишкек, 2012. 12-22 беттер.*

*[21]Ташанов Сатыбалды. Алайдын Боз-Караган айылында 1918-жылы туулган. Сабайдын Кожомберди тобунун Сасык уругунан. 2018-жылдын январында каза болгон.*

*[22]Мусаев Ороз. Алай районунун Будалык айылында 1932-ж. туулган. Сабай уруусунун Атабак тобунун Кешикчи уругунан.*

*[23]Маматов Сулайман, Элтойдунун чебереси. Алай районунун Гүлчө айылында жашайт. 70 жашта.*

*[24]Матаев Абдыкадыр Маматкадырович, 1958-ж. туулган, Элтойдунун чебереси. Сабай уруусунун атабак тобунун Кожош уругунан. Учурда Кара-Суу районунун Кызыл-Сарай айылында жашайт.*

чебереси А. Матаевдин далилдүү фактылар менен айтуусуна караганда, чоң атасы Матайдын 65 жаш курагында (1937-ж.) ааламдан өткөндүгүн эске алсак, анда бабасы Айдарбек уулу Элтойду 1872-жылы өлгөндүгү анык экендиги талашсыз.

Баргы уруусунун кадырлуу аксакалы Базарбай ажы Аматов[25] "Мен Турганбаев Куланкабысты жакындан жакшы билчүмүн. Анткени, Куланкаус экөөбүз жаштыгыбыздан бирге чоңоюп, жакын дос болчубуз. Гүлчөдөгү Токтогул атындагы орто мектепте да бир класста чогуу окуганбыз. Ал мектепте жакшы окуп, Фрунзеден жогорку медициналык институтту аяктаган,Гүлчө айылындагы райондук борборлоштурулган ооруканада узак жылдар бою атактуу дарыгер болуп жакшы иштеди. Өмүрү кыска экен, 2021-жылы Гүлчөдө каза болду. Ал Алайдын Корул деген жеринен болчу. Уруусу бакал болчу дейт". Ушундай эле пикирди Ө.Конушов[26] да тастыктап, Куланкабыс аке экөөбүз тең бакал уруусунан болобуз. Ал Бакал уруусунун Бешкуртка тобунун Кедей уулу уругунан болчу. Мен бир китеп жазып, Куланкабыс аке тууралу да так маалыматтарды берген элем. Китепте "Турганбаев Куланкабыс 1937-жылы Кең-Жылга айылында туулган. 1953-жылы Кең-Жылга жети жылдык мектебин аяктаган. 1956-жылы Гүлчөдөгү Токтогул орто мектебин бүтүргөн. 1956-1962-жылдары Фрунзедеги медициналык институтун бүтүргөн...." деп жазылган.

Информатор С.К.Турганбаевдин[27] айтуусуна караганда Турганбаев Куланкабыстын паспортунда анын туулган жылы, айы, күнү (05.10.1937-ж.) так жазылган" деп атат. А.Т.Турганбаев[28] Куланкабыстын ата-тегинин кыскача санжырасын айтып, биз бакал уруусунан болобуз, Куланкабыс менин абам болот. Бабам Ибраимден 4 уул, 3 кыз болгон. Алардын эң чоңу биздин чоң атабыз Турганбай (1901-1977), Сайра, Мамажан, Бапы, Ажыбү, Барчынбү жана Тилдебайлар болушкан. Турганбайдан- Гүлайым (1924), Жамила (1932), Камила (1934), Куланкабыс (1937), Тиран (1939) жана Турганбү (1950) атуу уул-кыздары болгон. Биздин чоң энебиз Мөймө Будалыктык сабай кызы болгон экен. Куланкабыс авам 2020-жылдын 14-ноябрында 83 жаш курагында ааламдан өтүп, сөөгү Чүй облусунун Сокулук районундагы борбордук көрүстөнүнө коюлду"-дейт.

Адигиненин Сабай уруусунан XIX кылымда чыккан ири көпөс, атактуу датказардын кеңешчиси, көрүнүктүү коомдук ишмер Айдарбек уулу Элтойду бай жай мезгилинин бугу айында[29] мурдатан касташкан душмандардын колунан мыкачылык менен өлтүрүлгөн. Элтойдунун тажиясында жаназа түшүргөн тажик молдо маркумдун жашын 82 жаш деп белгилеген экен. Демек, жогоруда аныкталган Элтойдунун өлгөн жылынан (1872) 82 жашты кемитип санаганда, ал 1790-жылы туулуп, Алымбек датказадан (1799-ж.т.) 9 жашка улуу болгондугу тастыкталат.

Элтойдунун армандуу өлүмүнө кайрылсак, информаторлор Т.Абакиров, А.Матиев[30] О.Мусаев, А.Курбанбаев,[31] С. Маматов, А.М.Матаевдердин айтымына караганда, Элтойду жакшы көргөн тулпарына оорукчан баласы Маматкалыкты учкаштарып, Алайдын Будалык айылынын Көл-Дөбө деген жеринде суу чыгарган арыкты бойлоп, бадалдуу токой аралап жүргөн кезинде, мурдатан кек сактап, артынан калбай аңдып жүргөн меңдикулдардан Шайназар аттуу тууганы күтүүсүз жерден кол салып, Элтойду бай Алайдын Ак-Киндик жайлоосунда жамы

*[25]Аматов Базарбай ажы, 1938-ж.т. пенсионер. Баргы уруусунун Жетибай (Ботобек) тобунун Бегалы уругунан.*

*[26]Конушов Өмүрбек. Элге кызмат кылган баатыр Бакалдын урпактарынын өмүр баяны. Бишкек.2016. 116-б.*

*[27]Турганбаев Сапарбек, 1969-ж.т. Куланкабыстын уулу. Бишкек шаарында жашайт.*

*[28]Турганбаев Азизбек, 1968-ж.т. Куланкабыстын бир тууган иниси, Бишкек шаарында жашайт.*
*[29]Бугу айы-апрель-май айлары. Кыргыз санжырасы. Ай аттары. Бишкек.1991. 28-б.*
*[30]Матиев Арин (1928-2022-жж.) Сабай уруусунун Меңдикул тобунун Ыса уругунан.*
*[31]Курбанбаев Асан 1932-ж. Алай районунун Будалык айылында туулган.*

кыргызды чакырып, дүңгүрөтүп той берген кезде, меңдикулдарды конок катары жакшы сыйлабагандыгын, аларды теңсинбей союшка сасыган теке бергендигин айтып, шылтоо кылып суу талашкан киши болуп, арык боюнда өсүп турган кол билектей чычырканакты дүмүрү менен жулуп алып, байды арка тарабынан каракушуна эки, үч ирет катуу чаап аттан кулаткан экен. Элтойдунун аты үркүп, жогору карай өөрлөп качып отуруп, жайлоодогу журтуна канга боелгон кыл чылбырды сүдүрөп барган экен. Оорукчал уулу Маматкалык өзү буту менен басалбагандыктан, Элтойдунун башынан кан шорголоп акканын көрүп, эрексип, боору эзилгенче ыйлап, ат качкан жол менен бир тай чабым аралыкка чейин кийими тытылганча сойлоп барыптыр. Элтойдунун балдары Абжапар менен Матазим чылбыры канга боелуп келген атты көрүшүп, жамандыктын жышааны экендигин түшүнүшүп, атасын издеп журттан Көл-Дөбөгө келишип, алгач Маматкалыкка жолугуп, андан соң Элтойдуга барып жолугушат.

Ошол учурда Элтойдунун башынан көп кан кетип, катуу жаракат алып, эс учун жоготуп, оор абалда алсырап жаткандыгын көрүшөт. Элтойду балдарына адам болбошун айтып, меңдикулдар менен чабышпагыла деп, аларды ынтымака чакырып, аталык акыркы керээздерин айткан экен.

Элтойду байдын сөөгү балдарына мурдатан айтып келген керээзи боюнча Будалыктын Оро-Башы[32] деген жайга коюлган. Элтойду бай бул жалган дүйнөдө 1790-1872-жылдар аралында татыктуу жашап өткөн тарыхый инсан экендигин эл оозундагы кылым карытып айтылып келген аңыз кептер, тарыхый фактылар, анын урпактарынын жана башка информаторлордун айткан билдирүүлөрү да далилдеп турат. Элтойду Кокон хандыгынын доорунда Алайдагы Адыгине-Сабайдан чыккан белгилүү тарыхый инсан болгондугу талашсыз. Айдарбек уулу Элтойду ааламдан өткөндөн бери арадан 150 жылдай убакыт өтсө да, анын ысымы, эл үчүн кылган улуу иштери эл арасында азыр да унутулбай, Алай өрөөнүндө жүздөгөн жылардан бери муундан-муунга, атадан-балага легендага айланып айтылып келди. Элтойдунунуучу узарып, тукуму уланып, анын кийинки урпактары Кыргыздын түштүк аймагындагы Алай, Кара-Суу райондорунда жашап келишет. Элтойду бай Маңканай, Папик аттуу 2 кыргыз жана Адолатхан (өзбек кызы) деген 1 өзбек кызын алып, ак никедеги үч аялы болгон экен. Ошол үч аялынан Абжапар, Матазим, Матадам, Матай, Турган, Мама жана Маматкалык аттуу жети уул болгон. Мама менен Маматкалыктан эркек балдар калбаптыр. Ошондон улам бул экөөнөн тукум уланган эмес. Абжапар, Матазим, Матадам, Турган жана Матайдан таркаган (Абдыраман, Омар, Осмон, Мамaтураим, Маматтин) урпактары азыркы учурда негизинен Алай районунун Будалык, Гүлчө, Жаңы-Сабай айылдарында жашап жатышат.

Ал эми Матайдин Маматкадырынан таркаган урпактары болсо, Кара-Суу районунун Кызыл-Сарай айылында жашашат.

**Адабияттар**


1. Т. Өмүрзакова. “Курманжан датка”. – Б.: “Кыргызстан”. – 2002. –90 б.
2. Кыргыздар. – Б,:– Бийиктик. – 2011., т.VII. – 413-б.
3. Т. Өмүрзкова “Курманжан датка”. – Б.: – Кыргызстан. – 2002. – 94-б.
4. Ө. Ж.Осмонов. Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) – Б,: – 2012. – 285-б.
5. М.Рахманкулов. Коконду башкарган хандар. (Таластан чыккан даткалар) –Б,: – 2012. – 12-22 бб.
6. Ө. Конушов. Элге кызмат кылган баатыр Бакалдын урпактарынын өмүр баяны. – Б..: 2016. –116-б.


[32] *Оро-Башы Будалык айылынын жогорку жагындагы Кызыл-Көчкү менен Ортоң-Кыштоонун ортосундагы тектирчедеги жергиликтүү сабайлардын сөөгү коюлган эски жайы.*